DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Исабеков И.Н., Атажанова Н.А.*

# КАБЫЛАНДЫ ТОПОНИМИНИН ЭТИМОЛОГИЯСЫ

*Исабеков И.Н., Атажанова Н.А.*

# ЭТИМОЛОГИЯ ТОПОНИМА КАБЫЛАНДЫ

***I.N. Isabekov, NA. Atazhanova***

# ETYMOLOGY OF THE KABLAND TOPONYM

*УДК: 81 373. 21+811*

*Макала Чаткал өрөөнүндө жайгашкан Кабылан топонимин этимологиялык талдоого арналган. Этимологиялык талдоонун негизинде "кап" жана "лан" компоненттери түрк тилдик катмарга тиешелүү экендиги аныкталып, кыргыз тилинде "кап" "карма, тиште", "лан" "арстан, жырткыч айбан, жырткыч" маанилерине ээ экендиги такталды. Кыргыз тилинде үй жаныбарлары: жылкы, уй, кой, эчкини жалпы төрт түлүк деп атагандай эле, мышык түркүмүнө кирүүчү барс, жолборс, илбирс, арстан сыяктуу жырткыч айбандардын жалпы аты-кабылан деп аталат. Кабылан сөзү* ***кап*** *– "карма, тиште" уңгусунун негизинде пайда болсо, барс, жолборс, илбирс, арстан сыяктуу жырткычтардын аттары эмненин негизинде жаралган деген суроо туулат. Анализ көрсөткөндөй, барс сөзү "Ас" уңгу сөзүнүн негизинде келип чыгып, арс, арыс аттуу чычканды туюндурат. Ас компонентинен протезалык ыкма аркылуу арс, кийин барс сөздөрү жаралган. Барселона топониминин да, континтинтин Азия деген бөлүгү да "Ас" компонентине таандык.*

***Негизги сөздөр:*** *Ас, Азия, күчтүү, уруу, археология, тутум, барс.*

*Статья посвящена этимологическому анализу топонима "Кабылан", находящееся в Чаткальской долине. При изучении данного топонима было установлено, что слово состоит из двух компонентов "кап" и "лан", относящиеся к тюркскому языковому слою. В тюркском языке "кап" обозначает "хватать, схватить", а компонент "лан" означает "лев, хищный зверь, хищник". Под этим словом киргизы подразумевали не какого-то отдельного зверя, а вообще тигроподобных зверей: тигра, леопарда, пантеру, барса. Если основой слова кабылан является основа "кап", то на основе чего возникают слова барс, жолбарс, илбирс. Проведенный анализ показывает, что основой барса является корневое слово "Ас", которое в переводе означает "горнастая, ласку, куницу". Со временем образуется слова арс, потом барс при помощи протетического способообразования слов. История возниновения топонима Барселона и часть континента Асия принадлежит к компоненту "Ас".*

***Коючевые слова:*** *Ас, Асия, сильный, племя, археология, тотем, барс.*

*Etimological analysis of the toponym Kabylan iocated in the Chatkal valley. When studying this toponem , it was found that the word consists of two components and Kap and Lan, related to the Turkic language word. In the Turkic language Kap means to grab, to cach and the Lan component means a Lion, w predatory beast, a predatop. By these words the Kyrgyz meant not some separate animal, but generally tiger-like animals: tiger, Leopard, Ilbirs. The analyses shows that the root word Ac is the basis of the Leopard, which in translation means ermine, weasel, marten. Over time the word Ars are formed then the Leopard with the help of a prosthetic way of forming words the history of the origin of the toponym Barcelona and part of the continent of Asia belong to the Ac component given in this article.*

***Key words:*** *Ac, Asia, archeology, totem, Leopard, strong, tribe.*

**Кабыланды –** Чаткал айыл өкмөтүнө караштуу жердин аты. Мискен (Бискем) кырка тоосунун түштүк-батыш тарабында жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 2706 метр бийик.

Ырас, Чаткал өрөөнүндөгү топонимдердин аталышы боюнча атайын илимий-изилдөө иштери али жүргүзүлө элек. Ошого карабастан, өрөөндөгү топонимдер жөнүндө бирин-экин макалалар жарыялангань. Ал эми,*"кабылан"* сөзүнө байланыштуу жерсуу аттары Кыргызстандын аймагында арбын учурaганына карабастан, бул темага байланыштуу илимий изилдөө иштери таптакыр колго алына элек. Ошондуктан биз, *"кабылан"* топонимине этимологиялык талдоо жүргүзүп, кабылан менен арстанды (арсланды), барс (жолборс) менен илбирсти айырмалоодогу негизги морфема болгон анын баштапкы турпатын аныктоого бел байладык. Демек, аталган тема тил илиминде маанилүү маселелерден экендигинен кабар берет.

К.К. Юдахиндин Кыргызча-Орусча сөздүгүндө "Кабылан-леопард, тигр, пантера. Под этим названием киргизы подразумевали не какого-то отдельного зверя, а вообще больших тигроподобных зверей" экендигин белгилеген [20, 311].

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө "*Кабылан* – жолборс, илбирс, арстан сыяктуу жырткыч айбандардын жалпы аты" деп жазылган [6, 703].

Демек, үй жаныбарлары: жылкы, уй, кой, эчкини кыргыз төрт түлүк деп, же тайган, кандек, овчарка, алабайды жалпы ит деп атагандай эле, мышык түркүмүнө кирүүчү барс, жолборс, илбирс, арстан сыяктуу жырткыч айбандардын жалпы аты – кабылан деп аталат.

Э.В. Севортян "Этимологический словарь тюркских языков" деген сөздүгүндө кирг. Кабылан - "тигр"; каз. каплан-"тигр"; узб. коплан-"тигр"; туркм.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



каплан, каплаӊ-“леопард”; ккалп, ног, тат-каплан-“тигр”, “леопард”; уйг. каплан-“леопард” “пантера” деп, структура-сематикалык жагынан түрк тилиндеринде бири-бирине төп келгендигин көрсөтүп, анын баштапкы турпаты кап-“хватать, схватить” уңгу сөз экендигин белгилеген [12, 264]. Бирок, бул сөз кыргыз тилинде ***кабылан*** деп колдонулган.

К.З. Зулпукаров кытай тилиндеги “hu” тигр, рычание тигра+lang “хищный зверь, хищник; волк, волчий, по-волчьи”-кирг: кабылан “леопард, тигр, пантера; большие тигроподобные звери, богатырь, тигроподобный богатырь”. Между двумя слогами заимствованного слова происходит паратаксис, т. е. вставка согласного: у=абы. Звук ы появился как протетический перед слогом lang” деген пикирин айткан [5. 43].

К. Сейдахматов “Азыр Кыргызстандын аймагында *кабылан* деген жаныбар жашабайт. Бул сөз аркылуу кыргыздар мышык тукумуна кирчү жырткычтардын кайсынысын айтканын да билүү кыйындап калган. Леопард да, гепард да кара чаар келет. Бирок алар бири-биринен кескин айырмаланат. Леопард жыгачка чыгып, сууда да сүзө алат. Гепард болсо тырмагы иттин тырмагы сыяктуу келип, мышыктын тырмагындай бүктөлүп турбайт. Ошондуктан, ал өтө катуу чуркай алат. Байыркы мезгилде гепардды күчүк кезинен колго багып, үйрөтүп алып, тайган сыяктуу аң улоого пайдаланган. Кыргыз эли да кабылан деп ушул гепардды аташы мүмкүн. Анткени кабылан сөзүнүн уңгусун түзгөн ***кап*** сөзү *“карма, тиште”* маанисин берген этиш болуп эсептелет. Ал эми *-лан* мүчөсү арстан, сырттан сөздөрүндө да катышкан мүчө болуп эсептелет. Азырынча анын мааниси белгилүү боло элек“ деп жазган [15. 124].

Бирок, азыркы учурда ***лан-лев*** деген мааниге ээ экендиги илимде тастыкталган. Көрсө, бир муундуу ***кап*** жана ***аң*** уңгу сөздөрүнүн ортосуна паратаксис жүрүп, ***л*** үнсүз тыбышы ***аң*** уңгу сөзүнүн алдында протетиттик тыбыш катары келип түшкөндөн кийин, кабылан сөзү пайда болгон. Жыйынтыгында, байыркы мезгилдерде жаралган ***кабылан*** сөзү тыбыштык өзгөрүүлөрдөн кийин азыркы турпатка ээ болгон. Ушундай ыкма аркылуу *арстан (арслан, аслан), сырттан* сөздөрү да пайда болгон.

Ырас, Чаткал өрөөнүндө кабыланды (барс илбирс) азыр да учуратууга мүмкүн экендигин жергиликтүү аңчылар белгилешет. Ошондон улам, кабылан жүргөн жер-Кабыланды деп аталат.

Демек, кабылан сөзү ***кап-*** “карма, тиште” деген уңгу сөздүн негизинде пайда болсо, ошол эле мышык тукумуна кирчү *“барс, жолборс, илбирс, арстан”* сыяктуу жырткыч айбандардын аттарын туюндурган сөздөр эмненин негизинде жаралган деген суроо өзүнөн-өзү келип чыгат.

Байыркы түрк сөздүгүндө (ДТ) “***AS”*** сөзү көп мааниге ээ экендиги белгиленип, бул сөздүн негизги мааниси горнастайды туюндурары жазылган [4. 59]. Горнастай кыргыз тилинде арс чычкан. Арс чычкан жүнү ак, куйругунун учу кара, териси баалуу анча чоң эмес, эт менен тамактанган өтө шамдагай, тайманбас жырткыч чычкандын өзгөчө түрү.

И. Абдувалиев “Кыргыз тилиндеги бир муундуу уңгу сөздөр сөздүгүндө” кырг. ас – “горнастай”, хак. ас – “ласка, горнастай”, башк. ас – “ласка, горнастай”, жалпы түрк. “ас – “горнастай” деген бирдей маанилерди туюндурарын жазган [1. 23].

Демек, бардык түрк тилинде дүйнөдөгү эң кичинекей жырткыч “ас” деп аталат. Ушундай чычкандын күчтүү сапатына байланыштырып, түрктөр алгач өз урууларын “ас” деп аташкан.

Азык – оң канаттагы уруулардын бири. Этнонимдин Борбордук Азиядагы (Саян-Алтай ж.б.) байыркы рун сымал жазууларда чагылдырылган «аз» (аздар) этностук аталышы менен байланышы бар. [7. 15].

А.М. Эшиев “Батыштагы байыркы түрктөр” деген эмгегинде *“аз//ас”* деген сөз байыркы түрк этносун түшүндүрөт” деп жазган [20. 23].

Г.Г. Пашаеванын “Нахичиванские *этнотопонимы* в русских источниках XIX - начала XX веков” деген эмгегинде “ Название племени *аз* встречается также в древнетюркских письменных памятниках. Слово *аз/ас* употреблялся в значении ***“сильный”.*** Это тюркское племя, которое В. Бертольд назвал “неизвестным племенем”, ассимилировалось в среднетюркском периоде. Некоторая часть древнего населения Азербайджана также называлась *аз*, которая потом была известна как азер. Этот факт еще раз утверждает тюркское происхождение племен *“аз”* деген пикирин калтырган [12. 26].

Т. Акеров “Азы – древний алтайский народ, сыгравший немаловажную роль в истории Евразии. Азы в средневековых источниках (VI-XIV вв.) упоминались в орхоно-енисейских текстах, таласских рунических надписях и других восточных летописях. Об азах писали, как об алтайском этносе. В средние века азы мигрировали с востока на запад и дошли до Кры-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



ма. Азы жили в Семиречье, Средней Азии, на Северном Кавказе, в Крыму и Причерноморье" деген омоктуу пикирин айткан [2. 167].

Биз, илимпоздорду кубаттайбыз**,** анткени ушул пикирлер түрк урууларын атоо үчүн кабыл алынганынын айныгыс далили экендигин көрсөтүп турат. Ошонун сыңарындай, кыргыздын эзелки аталышы да *"Кырк-Ас" "Сорок-Асов",* астын кырк уруусу дегенди билдирген. Мындан тышкары, хакас (хягас), азар (хазар), асер (азер), тооас (төөлөс) этностору да "ас/аз" уңгу сөзү аркылуу куралган. Демек, "ас" этноними бардык түрк элдери үчүн жалпы этноним болуп эсептелет.

Илимде сөздүн курамына тыбыш коюу учуру кездешет. Мындай көрүнүш, белгилүү болгондой, илимде эпентеза же паратаксис деп аталат. Сөздүн курамына коюлган тыбыш лексикалык бирдиктердин көлөмүн кеңейтет. Демек, байыркы түрк тилиндеги ***ас*** сөзүнө протезалык ыкма аркылуу ***/р/***тыбышы келип түшүп, ***арс*** (рычать) уңгу сөз пайда болгон. Андан *арс-тан, арс-лан* сөздөрү келип чыккан. Кийин ***арс*** сөзүндө экинчи ирет тыбыштык өзгөрүүлөр болуп, ***арс*** морфемасынын курамына ***/б/*** тыбышы протезалык ыкма аркылуу келип түшкөн. Албетте, үндүү тыбыш менен башталган сөздүн алдына кошулган протезалык үнсүз тыбыш сөздүн айтылышын жеңилдетет. Ошентип, байыркы түрк тилиндеги ***"арс"*** деген бир муундуу уңгу сөздүн алдына ***"б"*** тыбышы кошулуу аркылуу ***барс*** сөзү келип чыккан. Ал сөздөн жол+барс (жолборс), илбарс (илбирс) деген жырткыч айбандардын аттары жаралган. Илбирс тувин тилинде *"ирбиш",* монгол тилинде *"ирвэс",* түрк тилинде *"ирбиз",* алтай тилинде *"ирбис",* кыргыз тилинде *"илбирс"* деп аталат. Демек, илбирс, жолборс-*барс* тукумунан. Ушул сөздүн негизинде пайда болгон. *Илбирс* өзүнүн курман кылган олжо жаныбарын *илип* алгандыгы үчүн *илбарс* деп аталса, жолборс сырткы келбетине карата, т. а. жол-жол сызык болуп көрүнгөндүктөн жолбарс деп аталган, кийин кыргыз тилинин сингармонизм мыйзамына ыңгайлашып *илбирс, жолборс* деп аталып калган, анткени агглютинативдүү тилдерде уңгу сүз өз алдынча мааниге ээ болгон негизги морфема. Ал кийинки көз каранды мүчөлөрдүн фонетикалык түзүлүшүн аныктап, тилдеги тыбыштардын (сөздөрдүн) угулушун бир түрдүүлүккө алып келет. Демек, жолборс, илбирс сөздөрү *барс* сөзүнүн негизинде келип чыккан нукура кыргыз тилиндеги *төл* сөз.

Г.П. Цыганенко "Этимологический словарь русского языка" сөздүгүндө *"Барс*-хищный зверь из семейства кошачьих". В русских памятниках отмечается с XVI в. Со значением "зверь из семейства кошачьих" заимствована *из тюрских языков*" деген ойдо болгон [18. 34].

Э.В. Севортян *"Барс"* сөзүн анализдеп, "Барс түрк тилинин лексикалык составындагы эң байыркы сөз экендигин белгилеп, алардын семантикалык маанилерин салыштырып, бардык түрк тилдеринде *барс* – "тигр"; "леопард, пантера" деген мааниге ээ экендигин айткан [13. 68-70].

Байыркы түрк сөздүгүндө (ДТС) "Baps биринчи маанисинде *"тигр"* деп берилсе, экинчи маанисинде baps – *этническое название рода,* Барсган – название одного из тюркских племен деп берилген. Географиялык жактан Барсган шаардын аты экендиги да белгиленген" [4. 84].

Г.Б. Бабаяров, А.В. Кубатин "Историко-культурное наследие и современная культура" аттуу журналда "Барскат *"барс+селение/город",* деген маанини билдирерин жазган [3. 178].

Талдоо көрсөткөндөй, кичинекей жырткычтын кайталангыс сапаты аркылуу эң алгачкылардан болуп түрк уруулары аталса, кийин адамдарга ысым берилген. М: Асылбек, Аслан, Асия, Астра ж. б. ысымдар ыйгарылган. Аскер сөзүнүн жаралуу тарыхы да **"ас"** деген бир муундуу уңгу сөзүнө таандык. Мезгил өткөн сайын айыл-кыштактарга, шаарларга географиялык аталыш катары, ошол эле түрк тилинде сүйлөгөн топ (эл) ***Барс*** уруусунан экендигин, же кандайдыр бир белгилүү жерди ***Барс*** уруусундагы элге таандык экенин белгилөө үчүн ыйгарылган.

Ырас, кыргыз тили-кыргыз элинин тарыхы дегендей, тилдин тарыхы менен элдин тарыхы тыгыз байланышта, анткени тарыхтын ээси – эл. Мындай тыгыз тарыхый байланышты орто кылымдардагы кыргыз мамлекетинин каганы *"Барсбектин"* тарыхый атынан, Ысык-Көл облусундагы орто кылымдардагы *Барсган (Барскоон)* калаасынын аталышынан, Франциядагы *Барсика* же Испаниядагы *Барселона* шаарларынын географиялык аталыштарынан байкоого болот.

*Барселона* **–** Испаниянын түндүк-чыгыш тарабындагы жайгашкан Каталония-автономиялык областынын административдик борборунун аталышы.

Барселона – город в Испании на Средиземном

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



море; по преданию, его основал карфагенский полководец Гамилькар Барка в 230 г. до н. э., его именем и назван город [9. 44].

Барселона-столица Испании. Прокорни: *бар-село-на.* Значение: Укрепленное поселение, город, село, селение одновременно [16.17].

Келтирилген мисалдарда көрүнүп тургандай, этностук топонимге берилген чийки анализ, анын сырдуу маанисин жана жаралуу тарыхын, этимологиялык талдоо жүргүзүлбөгөндүктөн ачып бере алган эмес. Албетте, мындай көрүнүш бизди канаттандырбайт, анткени этностук топонимдердин түпкү теги, башаты ошол аймакта жашаган этностун аталышы аркылуу пайда болгон эң алгачкы тилдик катмар болуп эсептелинет. Уруулук түзүлүш – бул байыркы көрүнүш. Муну илим да жокко чыгарбайт. Ошол себептен, биз, “Барселона” топониминин аталышы байыркы мезгилдеги “барс” деген түрк уруусунун аты аркылуу келип чыккан деген пикирди карманабыз, анткени бул сөз ошол доордо өмүр кечирген этностун тилиндеги “өзөк” сөз болгон.

Демек, азыркы Барселонанын географиялык аталышынын алгачкы формасы – байыркы түрк тилиндеги “барс” уруусунун эзелки аты жана он уруудан куралган өлкөнүн тутуму (тотеми).

Албетте, сөздүн пайда болуу жолу “Адам Улуу Табият менен дирилдеп дилдешип, жүрөгү туташып, сезими чырмалышып, жуурулушуп *тутум* турганда (“тотем деген сөздүн теги ушул”), ошондо Сөз чыккан, Ат угулган” [10. 31]. *“Тутум”* деген сөз дагы эле ошол торулардын “индеец” тили аркылуу, *“тотым”* деген угумда дүйнөгө тарап кеткен. Акыйкатта, *“тутум”* деген мындан алдаганча терең, кенен да маани! Ал кайсыдыр бир айбанзаттын ыйыктап, аа сыйынып тим болбойт, ал, тутум, тек өткөөл мисал, көпүрө сыяк-Теңирдин улуу дүйнөсүнө карай. т. а. Жан жаратылышка, аны Жараткан Ээсине, Улуу Жаратканга табынуу-сыйынуу кандайдыр ыйык жайлар аркылуу өтөт. Тотем – ыйыктын ыйык чеги эмес, ал адамды, урууну, элди Улуу Ыйыктын өзөгүнө өткөрөр, алып өтөөр, тек, көпүрө өткөөл сыңар” [11. 170]. Ошондуктан, “***барстын”*** элеси түрктөрдүн ажосунун ордосундагы алтын жалатылган асабасында желбиреп турган. Мындай ыйык жөрөлгөнү айрым түрк тилдүү элдердин мамлекеттик белгилеринде (символика) азыр да учуратууга болот. Алсак, Татарстандын мамлекеттик гербинде ***барстын*** сүрөтү түшүрүлгөн. Бул жөнүндө ***“Как белый барс стал символом Татарстана”*** деген макалада “Истоки эмблемы ***барса*** исходят от волжско-камских булгар, составивших этническую основу татар Среднего Поволжья и Приуралье. Булгары создали в X веке ***сильное*** государство-Волжско-Камскую Булгарию, в которой в XII веке ***барс*** становится гербом. Одно из булгарских племен Поволжья, возвысившееся впоследствии, носило имя ***“Барсил”,*** что прочитывается как ***“Барс-иле” (Барс-эли),*** т. е. племя, народ, страна барса” деген пикирди учуратууга болот ***[https:// guzelnurbta. wordpress. com/].*** Ушунун сыңарындай, түштүк Европага жер которуудагы улуу көчтө келген байыркы түрктөр, өздөрүн “***барс”*** уруусунун урпактарыбыз деп эсептешкен. Жыйынтыгында, уруу элге айланып, түштүк Европада борбору Барселона аталган Испаниянын курамында Каталония өлкөсү пайда болгон. Каталония 1979-жылы автонимия статусуна ээ болгон. Каталония кат-лан, кат-алан, экинчи Алания, кайталанган деген мааниде. Демек, түрк тилинде. Ошондуктан, Каталония Испаниядан толук кандуу эгемендүү болуу үчүн күрөшүп келет.

Ушундай түрк тилиндеги бир муундуу уңгу сөздөр башка тилдердин басымы астында миңдеген кылымдар өтүп кеткенине карабастан, жуурулушуп сиңип кетпегени тууралуу англиялык түрк таануучу Дж. Клоусон түрк тилиндеги топонимдердин туруктуулугун моюнуна алып, “Тюркские языки оказались сверхстойкими к изменениям” деген пикирин айткан [8. 31]. Ошондой өзгөрүүлөргө туруштук берген топонимдердин бири-бул *Барселона* топоними экенине күбө болдук. Ошол себептен, “**Ас”** аттуу түрк урууларынын кайталангыс эрдиктери тарых барактарында сакталып калган. Бекеринен, В.В. Бартольд “Кыргыздар (Кырк Астар) Асиянын арстандары деп атабаса керек эле”. Албетте, Азия сөзүнүн түпкү турпаты “Ас” деген уңгу сөз. Ал “күчтүү” деген түшүнүктү туюнтат. Борбордук Азиядагы эң байыркы көчмөндөрдүн “Ас” уруусу Евразия континентиндеги эбегейсиз зор аймактарга тарап кеткендигине байланыштуу *Ася, Асиа (Асия)* деген географиялык аталыш келип чыккан. Убакыт өткөн сайын *Борбордук Асиа, Асия* же *Орто Азия, Асиа (Ася,)* деп атала баштаган. Демек, биз жүргүзгөн иликтөөнүн жыйынтыгында, “*Асия”* топоними байыркы *ас//аз* деген түрк урууларынын аталышындагы уңгу сөзүн негизинде пайда болгон деп ишеничтүү айта алабыз, анткени акыркы генетикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Евразия конти-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



нентинин калкы ***R1a*** гаплогруппасына таандык экендиги ДНК - тест аркылуу аныкталды. Буга К.Чороевдин "Байыркы доордогу кыргыздардын генетикалык тарыхы" аттуу китеби күбө. Ошондуктан, Төлөк Төрөкан улуунун байыркы мезгилде *бакабут* ариби аркылуу жазылган "Кыргызыя-зар заман" аттуу китебиндеги маалыматтар атайын илимдин натыйжаларына төп келип жатат. Демек, кыргыз эл санжырасы жөн эле божомол баян эмес, ал кыргыз элинин баа жеткис нукура тарыхы.

Иликтөөнүн жыйынтыгында, Барселона (Барсэл-он) түк башка тилде деп эсептелген географиялык аталышы, түрк тилинин турпатында чечмеленди деп айткым келет. Мындай тыянак батыш лингвисти В. Томсендин түрк элдеринин тарыхысыз Европанын тарыхы – *боштук, көңдөй, эч нерсеге жарамсыз* деп жазганын дагы бир жолу бышыктайт.

**Адабияттар:**

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилиндеги бир муундуу уңгу сөздөр сөздүгү. - Б., 2017. 23 .
2. Акеров Т. Маджму ат-Таварих как исторический источник. - Б., 2017. 167.
3. Бабаяров Г.Б. Историко – культурное наследие и современная культура. Институту востоговедения. - Т., 2001. 178 .
4. Древнетюркский словарь. - М., 1969. 84.
5. Зулпукаров К.З. Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание. - Б., 2016. 43.
6. Кыргыз тилинин сөздүгү. - Б., 2016. 603.
7. Каратаев О.К. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. - Б., 2015. 15.
8. Клоусон Дж. Происхождение тюркского «рунического» письма. - М., 1961.
9. В.А. Никонов. Краткий топонимический словарь. - М.,1966. 44.
10. Өмүралиев Ч. Өзгөрүш. Адил мамлекет. - Б., 2020. 31.
11. Өмүралиев Ч. Бурут тамга – төрөн тил. - Б., 2012. 170.
12. Пашаева Г.Г. Нахичиванские этнотопонимы в русских источниках XIX - начала XX веков. - Баку, 2014. С.26.
13. Севортян Э. В. Этимологический словарь тюркских языков. - М., 1974. 177.
14. Севортян Э. В. Этимологический словарь тюркских языков. - М., 1978. С.68 .
15. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. - Ф.: 1988.
16. Тонкий А. Краткий этимологический словарь топонимов. М., 2019. С.17.
17. Цыганенко Г. П. Этимологический словарь русского языка.- Киев.1970. С.34.
18. Эшиев А. М. Батыштагы байыркы түрктөр. - Ош., 2008. – С.86.
19. Юдахин К. К. Орусча-Кыргызча сөздүк. – Б., - 2012. 35 с.
20. Исабеков И.Н., Абдыкайырова Ж.С. Загадки топонимов Чаткальской долины. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 11. С. 126-127.
21. Исабеков И.Н., Насырова М.Т. Отражение древнетюркского языкового пласта в топонии Чаткальской долины. //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 11. С. 247-248.